Эркин Тоо
мамлекеттик расмий гезити

2018-жылдын 24-августу



Жолугушуу

# АЙЫЛДАРДА ЖУМУШЧУ ОРУНДАР АЧЫЛУУГА ТИЙИШ

***Кечээ Өкмөттүн Ысык-Көл облусундагы өкүлү Акылбек Осмоналиев Ак-Суу районунун коомчулугу менен жолугушууда “жылдын аягына чейин ар бир айыл аймагында ишканалар ачылып, жергиликтүү жашоочулар жумушчу орундары менен камсыз болууга тийиш, Өкмөтүбүздүн учурдагы талабы ушундай”,- деп белгиледи.***



Өкүл ушул жолугушууга чейин райондун айрым мекеме-уюмдары, ишканалары менен таанышууга үлгүргөн. Ак-Суу мамлекеттик сорт сыноо тажрыйба станциясында дан эгиндеринин жана картошканын жаңы сортторунун климатка ылайык өсүү шарттарына кызыкты. Бүгүн тажрыйба тилкелеринде өнсө, келечекте баба дыйкандарга дан эгиндеринин, картошканын, капуста, сабиздин мол түшүмгө ээ 10го жакын сорттору сунушталаарын станциянын башчысы А.Касымалиев билдирди. Теплоключенка айыл аймагында кореялык инвесторлордун сунуштары колдоо тапкан. Картошканы кайрадан иштетүүчү ишкана бүгүнкү күндө өзүнүн тармагын кеңейтип, жакын арада кутуларды чыгаруучу цехти ачмак. Аялдардын психоневрологиялык социалдык жатак үйүнүн күнүмдүк түйшүктөнүүлөрүнө күбө болгон өкүл ушул жатак үйдүн эмгек жамааты жөнүндө буларга токтолду.

- Эмгек жамаатынын ишине ыраазыбыз. 97 кызматкер иштейт экен. Ынтымак бар жерде эмгек ыргагы көрүнүп турат, - деди Акылбек Шарипович.

Мамлекеттик администрация башчысы – аким У.Дөкөнбаев райондо президенттин аймактарды өнүктүрүү жөнүндөгү жарлыгынын жүзөгө ашырылышына токтолду. Аймак айыл чарба өсүмдүктөрүн, мал чарбачылыгын өстүрүүгө, туризмди өркүндөтүүгө ылайыкташкан. Ошондой эле тоо-кен байлыктарынын кыйла жыйымдары бар. Жыл өткөн сайын өнүгүүгө кеңири жол ачылууда. Алсак, өткөн жети айда айыл чарба азык-түлүктөрүн өндүрүү 101 пайызга өскөн. Туризм багытында жакшы саамалыктар бар. Ийгиликтер менен бирге райондо пайдубалы туптөлүп, финансы каражаттарынын айынан Шапак орто мектеби, Кереге-Таш айылында балдар бакча аягына чыкпай калган. Шахта - Жыргалаң ишканасы менчиктешүүдөн улам таш көмүр чыгарууга кудуретсиз болууда. Ага инвестор изделүүдө. Жабдууларынын эскилигинен «Дөргө көмүр» ишканасы таш көмүр казып алууну токтоткон. Мындан ак-суулуктар гана эмес, Түп, Жети-Өгүз райондорунун жана Каракол шаарынын жашоочулары жапа чегишүүдө.

Өкмөттүн Ысык-Көл облусундагы өкүлү А.Осмоналиев коомчулуктун алдында маселелерди чечүүгө мүмкүнчүлүктөр табылып, келечекте аларды эл кызматына коюуга болоорун ишенимдүү билдирди. Мындан сырткары, алдыдагы III Дүйнөлүк көчмөндөр оюндарын ынтымакта мамлекеттик бийик деңгээлде өткөрүү керектигин баса белгиледи. Ошондой эле жергиликтүү айрым жашоочулардын суроолоруна ынанымдуу жооп берди.

**Канатбек АШЫМБАЕВ**

Тоо боорундагы тобокел жолдо

# ЧАТКАЛДЫН ЧАҢЫ, ЧААРАТТЫН ШАҢЫ – АЛТЫН ЖАНА АКЧА







## ЧААРАТТАГЫ ЧЫЙЫР ЖОЛ

Үч күн мурда үч күн жол жүрүү үчүн журналисттер тобу Кыргызстандын борбордон эң алыскы Чаткал районуна жол тарттык. 400 чакырымды кыскартуу үчүн Талас облусун басып өтүп, Чаткал кырка тоолоруна чыктык. Кыргызда буту баспаган жалама тоонун боорун тешип, жол салган Англия компаниясынын өжөр техникалары “Чаарат Заав” лагерине жеткирүү үчүн бизди 17 саат алып жүрдү. 3000 метр бийиктикке чыгып, кайра андан ылдый түшүп, түн ортосунда Сандалаш суусунун боюнда жайгашкан алтын кен компаниясынын тоо арасында жайгашкан лагерине келип кондук.

Эртеси алар салган чыйыр жол менен 3500 метр бийиктикке чыгып, 180 метр тереңдикте кенди бургулап жаткан геологдорго кезиктик. Ошол жерден жер алдынан чыккан кыртыш үлгүлөрүн көрдүк. Анын курамында алтын бар дешти. Алынган үлгү Кара-Балтадагы алтын аффинаждоочу заводдо текшерилип, алтыны ажыратылат. Анын өйдө жагында дагы бир бургулоочу техниканы көрдүк. Анын өйдөсүндө бульдозер тоону тешип, жол салып баратыптыр. Геологдордун айтуусунда, алар иштеп жаткан 17 км жер аралыгында кендин кору бар. Так аныктап алгандан кийин алтын кенин казуу иштери башталат. Баса, изилдөөлөргө караганда азырынча 100 тоннадай алтын кен бар, эгерде кен чалгындоо иштерин дагы уланта берсе 200 тоннадай чыгышы мүмкүн.

## АЛТЫНГА КЫЗЫККАН АНГЛИЯЛЫК КОМПАНИЯ

“Чаарат Заав” ЖАК Лондон биржасынын листингинен өткөн жана катталган, «ZaavHoldingsLtd» компаниясынын кичи ишканасы болуп эсептелет. Кыргызстанда өз ишин 2002-жылы баштаган компания өз каражатына инвестиция салып, ушул жылдардын аралыгында өлкөнүн бюджетине 800 млн сом кириштеген. Ал ар кандай салык жана социалдык төлөмдөр. Чаткал районунда жайгашкан Чаарат жерин иштетүү үчүн компания лицензия алган. Эми жер казынасын пайдаланууга лицензия берүүчү комиссиянын жыйынынын жыйынтыгы менен англиялык “Чаарат Заав” компаниясы түзүлгөн техникалык долбоордун негизинде Чааратан кенди иштетип чыгууну 2032-жылга чейин жүргүзөт. Муну менен чогуу компания геологиялык, геотехникалык жана технологиялык изилдөөлөрүн жүргүзө берет. Буга чейин компания тарабынан 17 миң метр жер казылып, геологиялык изилдөөлөргө 4 млн доллар корогон.

Ушул жылдын сентябрь айында “Чаарат Заав” компаниясы биз барган тоо арасындагы лагердин аймагына өзүнүн ишканасын куруу үчүн капсула салат. Ага премьер-министрдин барып катышуусу күтүлүүдө. Ишкана курулуп бүткөндөн кийин алгачкы алтын 2020-жылдардан баштап алына баштайт.

## ЧАТКАЛ – АЛТЫНГА БАЙ АЙМАК

“Чаарат Заав” компаниясы акыркы 10 жылдан бери Чаткал районунун социалдык муктаждыктары үчүн өзүнүн материалдык жардамын берип келаткан экен. Ушул жылы алар районго 14 млн сом берүүнү убадалашкан. Бул акчага район социалдык объектилерди курууну жана жолдорду салууну улантып жатат. Негизи Чаткал району алтынга бай аймак. Анда алтын кенин казып алуу үчүн Англия биржасына тиешелүү “Чаарат Заав” компаниясы, кытайлар иштеткен “Кичи Чаарат” жана казактарга тиешелүү “Вертекс-Голд” компаниялары иштейт. Кен чыгуучу бийик тоолорго жакын жайгашкан айылдын тургундары ушул компанияларда иштешет. Биз Чаарат кен чыгуучу аймактан чыгып, Чаткал районунун Башкы-Терек айылына бардык. Айылда 936 гана адам жашайт. 83 адам мигрант болуп чыгып кеткен. Айылга 2013-жылы “Чаарат Заав” компаниясы 12 млн сомго спорт зал куруп берген. Ошондон бери айылдын балдар-кыздары спорт менен машыгып, кээде мелдештерге катышып, байгелерди утуп алышат. Ушул тапта 25 бала машыгууда. Айылдан чыгып райондун борбору Каныш-Кыяга бардык. Жолдо баратып Каныш-Кыя айыл өкмөтү курдурган татынакай бала бакчаны жана жаңыдан салынып жаткан мектепти көрдүк. Каныш-Кыяда Чаткалдын акими Канжарбек Эшалиев журналисттер үчүн кенен интервью берди. Ал ортодо Айгыр-Жал айылына барып, “Чаарат Заав” компаниясына тиешелүү кыртыш үлгүлөрү салуучу кутучаларды жасап жаткан пилорамасынын иши менен тааныштык. Ар бир жыгачтан жасалган кутучанын кайра алар 400 сомдон сатышат. Ар бир 5 айылга коюлган мындай пилорамаларда 2-3төн киши иштеп, жалпысынан 15 киши жумуш менен камсыздалган.

Биз Каныш-Кыядан ары Жаңы-Базар айылында жайгашкан айтылуу Идирис пайгамбардын мазарына чыктык. Баса, мазардын маңдайындагы Чаткал суусунун үстүнөн өткөн чоң көпүрөнү “Чаарат Заав” компаниясы курган. Ал көпүрө көп жылдан бери курулуп бүтпөй, аркы-берки каттам жок, кыйынчылык туудуруп турган экен.

## ЖАШОО-ТИРИЧИЛИГИ

Чаткалда мөмө-жемиш жокко эсе. Мында мал чарбачылыгы өнүккөн. Райондо жалпысынан 27 миңдей адам жашаса, койдун саны 66 миңдей. Жылкы, уй да көп. Чаткал бийик тоолуу район болгондуктан 6 ай кыш болуп, кышкысын кар 2 метрге чейин жаайт. Андыктан жергиликтүү эл чөптү мол камдаганга аракеттенишет. Негизги жумуш – көп жылдык чөп өстүрүү, чөп жыйноо. Андан сырткары, аз өлчөмдө буудай, арпа, жүгөрү бар. Элдин жашоо-тиричилиги жалпы жонунан орто. Райондун ички жолдоруна толук асфальт төшөлө элек. Ала-Бука менен Чаткалдын ортосундагы жол таштак боюнча. Кызыгы, коон-дарбыз, жер-жемиштер Чүйдөн ташылат. Андыктан арзан эмес. Эми Чаткалдын тоолорундагы алтын корлорун иштетишсе, дотациядан чыгып бараткан район келечекте эң бай аймакка айланаары турган иш. Тынчтык берип, кудай ошого жеткирсин.

**Сымбат МАКСУТОВА**